# Жоробек Абдрасулов атындагы №1 орто мектебинин жалпы ата-энелер чогулушунун №1 протоколу

**19.11.2021-жыл** **Кызыл-Дыйкан айылы**

Катышты:

1. Жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспектору:(ИДН) Боронбаева Акинай
2. Айылдык кенештин депутаттары: М.Шерматов, Д.Чотобаев
3. Айыл башчысы: Ж. Эгемберди уулу
4. Ата-энелер комитетинин төрагасы: А.Бекназаров
5. Мектеп администрациясы жана мугалимдер
6. Ата-энелер

## Күн тартибиндеги маселелер:

1. Ата-энелер комитетинин мүчөлөрүн тактоо. Көзөмөлдөөчү кенеш.
2. 2021-2022-окуу жылынын 1-чейрегине карата окуучулардын билим сапаты. Билим сапатын көтөрүү үчүн аткарылып жаткан иштер, көйгөйлөр, пландар. Баяндамачы ОББ: Тургунбаева Сайрагүл
3. Мектепте жүргүзүлүп жаткан тарбия иштери, окуучулардын тартиби, жетишкендиктер, көйгөйлөр, пландар. Баяндамачы: ТИБДОБ Чырмашова Нурийла
4. Соцпедагогдун аткарган иштери. Баяндамачы: Алибаева Акман
5. Мектептин материалдык-техникалык абалын чыңдоодо аткарылган иштер. Баяндамачы: А.Кадыров
6. Ар түрдүү маселелер

**Угулду:**

Чогулушту мектеп директору А.Кадыров ачып, 2021-2022-жаны окуу жылынын башталышына карата балдарына татыктуу тарбия берип, билим алуусуна өзгөчө шарттарды түзүп, башка ата-энелерге үлгү болуп жатышкан ата-энелерге ыраазычылык каттарын тапшырды.

Кийинки сөз ИДН кызматкери А.Боронбаевага берилип, ал кийинки учурларда жаш өспүрүмдөр арасында сексуалдык зордук – зомбулукка кабылгандар көп кездешип жаткандыгын айтып өттү. Бул боюнча видео материал көрсөтүлдү.

1-маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы С.Тургунбаева билдирүү жасады. Ал өз сөзүндө бул жыйын атайын Өзгөн райондук билим берүү бөлүмү тарабынан белгилендигин айтып төмөнкүлөргө токтолду: Быйылкы окуу жылында мектепте 42 мугалим эмгектенет, алардын 37си жогорку билимдүү, анын ичинен 2 жаш мугалим жана 8 пенсия жашындагылар 2 эл агартуунун мыктысы бар. 1-чейректин жыйынтыгы боюнча биздин мектепте 668 окуучу билим алып, алардын 322си кыздар, 346сы уул балдар. Жалпы билим сапаты 42%ды түздү. Ошону менен ал бир топ жетишкендиктерге токтолду.

2- маселе боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары Н.Чырмашова сөзгө чыгып, айрым окуучулар мектепке уюлук телефон алып келүү тыюу салынганына карабастан, окуучулар телефон алып келип жатат жана алар сабактарга кедергисин тийгизип жатат. Урматтуу ата-энелер, мектеп тарабынын балдарга түшүндүрүү иштери